| *Макаланын түп нускасынын түзүлүшү* (IMRAD): | |
|---|---|
| **УДК** | |
| **Кол жазманын аталышы** | 12 сөздөн кем эмес |
| **Авторлор** | Саны 5 кем эмес |
| **Мекеменин аталышы, өлкө, шаар** | |
| **Резюме** | Макалага (негизги текстке тиешеси жок) орус, кыргыз жана англис тилдеринде кыскача баяндама (150-250 сөздөн турган өзүнчө текст) тиркелиши керек, анда изилдөөнүн максаты, колдонулган материалдар жана методдор, негизги алынган жыйынтыктар жана корутундулар, өзөктүү сөздөрдүн тизмеси көсөтүлөт (IMRAD) |
| **Өзөктүү сөздөр** | Өзөктүү сөздөрдүн тизмеси (7 кем эмес) |
| | |
| **Киришүү** | Дүйнөдө, КР эмнелер белгилүү жана тийиштүү билимдерге ылайык изилденип жаткан көйгөйлөр тууралуу кыскача маалымат |
| **Максаты** | Изилдөөнүн максатынын формулировкасы |
| **Материалдар жана методдор** | Бөлүм (изилдөөнүн мүнөзүнө жараша) төмөнкү бөлүмдөрдү камтыйт |
| | Изилдөө объектиси. Изилдөө жүргүзүүнүн убактысы жана орду |
| | Бардык колдонулган материалдар жана медициналык препараттар жөнүндө маалымат |
| | Колдонулган жабдуулар, текшерүү, дарылоо же операция жасалган аспаптар жөнүндө маалымат. |
| | Дарыны колдонуунун дозасын жана режимин камтыган дарт аныктоонун же дарылоонун тандалган ыкмаларынын сыпаттамасы |
| | Изилдөө кайсы этаптарды камтыйт жана ар бир этапта изилдөө иштери кандай ырааттуулукта ишке ашырылгандыгын, келечекте анын жыйынтыктарын кайра чыгаруу үчүн кеңири сүрөттөлөт |
| | Алынган натыйжалар кандай статистикалык ыкмалар менен текшерилгенин, ошондой эле кайсы программалык пакет колдонулганын сүрөттөйт. |
| | Катышуучулар экспериментке катышууга ыктыярдуу макулдугун билдиришкендигин жана жазуу жүзүндөгү макулдугу барларды кошпогондо, алардын жеке маалыматтарын эскертүүнү жокко чыгара тургандыгын баса белгилей кетүү керек. |
| **Жыйынтыктар** | Жазылган жыйынтыктарды изилдөө процедурасынан кийин логикалык ырааттуулукта бериңиз жана эң маанилүү байкоолорду жыйынтыктаңыз. Статистикалык маалыматтарды көрсөтүү (зарылдыгына жараша: M±m, P±m, Me (25-75-процентиль), корреляция / логистикалык регрессия, коэфициенттик катыш / салыштырмалуу тобокелдик, P мааниси, ишеним интервалдары ж.б.) Текстте берилген маалыматтар таблицалардагы жана графиктердеги маалыматтар менен кайталанбашы керек. Көрсөтүлгөн натыйжалар изилдөөнүн коюлган максаттарына жана түзүлгөн гипотезага так дал келиши керек. |
| **Талкуу** | Алынган негизги маалыматтардын интерпретациясын берүү жана аларды колдо болгондор менен салыштыруу, ошол эле учурда алардын гипотеза жана милдеттер менен байланышы бар-жогуна көңүл буруу, изилдөөдө жазылган натыйжаларга таасир эткен бардык кемчиликтер жана чектөөлөр жөнүндө комментарий берүү. Изилдөөдө алынган натыйжаларды кириш сөзүндө комментарий берилген ар кайсы өлкөлөрдүн авторлорунун изилдөөлөрү менен салыштыруу. Сиздин көз карашыңызды тастыктаган жана аны жокко чыгарган маалымат булактарга шилтеме жасоодо илимий объективдүүлүктү сактоо жана жалганчылыкка жол бербөө. Келечектеги изилдөө багыттары жана практикалык колдонуу боюнча сунуштар |
| **Корутунду** | Изилдөөнүн жана натыйжаларды баалоонун клиникалык практика жана илим үчүн мааниси. Корутундулар максатка ылайык дал келиши керек |
| **Адабияттар** | Макалада келтирилген шилтемелер (25 көп эмес) |

| *Клиникалык иш:* | |
|---|---|
| **УДК** | |
| **Кол жазманын аталышы** | 12 сөзгө чейин |
| **Авторлор** | Саны 5 көп эмес |
| **Мекеменин аталышы, өлкө, шаар** | |
| **Резюме(Аннотация)** | Макалага (негизги текстке тиешеси жок) орус, кыргыз жана англис тилдеринде кыскача баяндама (150-250 сөздөн турган өзүнчө текст) тиркелиши керек, анда изилдөөнүн максаты, колдонулган материалдар жана методдор, негизги алынган жыйынтыктар жана корутундулар, өзөктүү сөздөрдүн тизмеси көсөтүлөт (IMRAD) |
| **Өзөктүү сөздөр** | Өзөктүү сөздөрдүн тизмеси (7 кем эмес) |
| **Киришүү** | Дүйнөдө, КР эмнелер белгилүү жана тийиштүү билимдерге ылайык изилденип жаткан көйгөйлөр тууралуу кыскача маалымат. |
| **Максаты** | • Жаңы сейрек кездешүүчү же мурда белгилүү болгон адаттан тыш өтүүчү оорунун сүрөттөлүшү;<br>• Кээ бир бейтаптарга медициналык кийлигишүүнүн пайдасын жана/же терс кесепеттерин баяндоо;<br>• Медициналык билим берүү же альтернативалуу клиникалык гипотезаларды иштеп чыгуу максатында типтүү клиникалык кырдаалды талдоо. |
| **Материалдар жана методдор:**<br>**Клиникалык иш** | Изилдөө объектисин, изилдөөнүн ордун жана убактысын көрсөтүү<br>Иш хронологиялык тартипте берилиши керек, бардык майда-чүйдөсүнө чейин жетишерлик сүрөттөп, оорулуунун ден соолугунун учурдагы абалын, оору тарыхын, физикалык экспертизанын, жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн, лабораториялык натыйжалардын, дифференциалдык дарт аныктоо, байкоону жана жыйынтыктоочу диагнозду камсыз кылуу. Бул пункттардын бардыгы тематикалык бөлүмдөр катары берилиши керек. |
| **Клиникалык ишти талкуулоо** | Максатына жараша клиникалык иштин негизги өзгөчөлүктөрүн белгилеңиз: жаңы же сейрек кездешүүчү ооруну сүрөттөө; дарт аныктоо кыйынчылыктарын, сунушталган ыкмалардын чектелиши жана/же алдын алуу, дарылоо каражаттарын көрсөтүү |
| **Корутунду** | Кол жазмада келтирилген жана талкууланган медициналык жардам көрсөтүүдөгү чектөөлөрдү, анын кемчиликтерин жоюунун мүмкүн болуучу жолдорун же оорунун өнүгүшүнүн себептерин, механизмдерин түшүндүрүүнү сунуш кылган, сүрөттөлгөн клиникалык окуя боюнча корутундуну түзүү |
| **Адабияттар** | Макалада келтирилген шилтемелер |

| *Макаланы баяндоо* | |
|---|---|
| **УДК** | |
| **Кол жазманын аталышы** | 12 сөзгө чейин |
| **Авторлор** | Саны 5 көп эмес |
| **Мекеменин аталышы, өлкө, шаар** | |
| **Резюме** | Макалага (негизги текстке тиешеси жок) орус, кыргыз жана англис тилдеринде кыскача баяндама (150-250 сөздөн турган өзүнчө текст) тиркелиши керек, анда изилдөөнүн максаты, колдонулган материалдар жана методдор, негизги алынган жыйынтыктар жана корутундулар, өзөктүү сөздөрдүн тизмеси көсөтүлөт (IMRAD) |
| **Өзөктүү сөздөр** | Өзөктүү сөздөрдүн тизмеси (7 кем эмес) |
| | Каралып жаткан маселенин кыскача баяндамасы, макаланын элементтеринин түзүлүшү жана байланышы жөнүндө маалымат |
| **Киришүү** | Мисалы: "Колдо болгон адабият маалыматтарын жалпылоо..." |
| **Максаты** | Мисалы: “Биз XX жана XX издөө системаларынын ресурстарын колдонуп, акыркы NN жылдардагы илимий эмгектерди карап чыктык. Бул талдоо үчүн биз далилдүү, эксперименталдык жана клиникалык базаны камтыган макалаларды колдондук... |
| **Негизги бөлүк:**<br>• **Жыйынтыктар**<br>• **Алынган жыйынтыктарды талкуулоо** | Илимий көйгөйдү билүү деңгээлин көрсөтүү, мүмкүн болсо каралып жаткан көйгөй боюнча жарыяланган эмгектерге сын баа берүү жана ал эмгектердин негизинде жыйынтык чыгаруу. |
| **Корутунду** | Конкреттүү маселелерди чечүү үчүн илимий инновацияларды ишке киргизүү боюнча кийинки изилдөөлөргө сунуштар |
| **Адабияттар** | Макалада келтирилген шилтемелер (60 көп эмес) |